КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ
ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2026-ж. 12-март № 02

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин кызматкерлеринин ведомстволук форма кийими жана айырмалоочу белгилери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-декабрындагы № 813 «Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө» токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин кызматкерлеринин ведомстволук форма кийими жана айырмалоочу белгилерин кийип жүрүүнү тартипке келтирүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин кызматкерлеринин ведомстволук форма кийимин кийүү жана анын сүрөттөлүшү, айырмалоо белгилери жөнүндө эрежелер Тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ведомстволук форма расмий, салтанаттуу, протоколдук жана эл аралык иш-чараларга катышууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин жетекчилигинин чечими боюнча башка учурларда колдонулаары белгиленсин.

3. Ушул буйрук менен ведомстволук форма кийимге байланышкан маселелер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин кызматкерлерине карата гана жөнгө салынары аныкталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин укуктук камсыздоо бөлүмү:

– бул буйрукту катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин Тоо» газетасына жарыялансын;

– расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

– күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине:

– ушул буйрукту жана ага тиркелген тиркемелерди кызматкерлердин кол койдуртуу аркылуу тааныштырууну камсыз кылсын;

– бекитилген кийүү эрежелеринин сакталышын камсыз кылсын.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары Б.А. Жумалиевге жүктөлсүн.

---

**О ведомственной форменной одежде и знаках различия сотрудников Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об упорядочении ношения специальной и ведомственной формы одежды» от 18 декабря 2025 года № 813, а также постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, в целях упорядочения ношения ведомственной форменной одежды и знаков различия сотрудников Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики, **приказываю:**

1. Утвердить Правила ношения и описания ведомственной форменной одежды, знаков различия сотрудников Государственного агентства

гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики согласно Приложению;

2. Установить, что ведомственная форменная одежда используется при участии в официальных, торжественных, протокольных и международных мероприятиях, а также в иных случаях по решению руководства Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики.

3. Определить, что настоящим приказом регулируются вопросы ведомственной форменной одежды исключительно в отношении сотрудников Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики.

4. Отдел правового обеспечения Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

– опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации;

– в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

– в течение трех рабочих дней со дня их вступления в силу направить копии настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

5. Руководителям структурных подразделений Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

– обеспечить доведение настоящего приказа и приложений до сведения сотрудников под роспись;

– обеспечить соблюдение утвержденных Правил ношения.

6. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня его официального опубликования.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Б.А. Джумалиева.

**Директор** **Д.К. Бостонов**